# Ош мамлекеттик университетинин
# Педагогика, искусство жана журналистика инститтутунун
# Окумуштуулар кеңешинин №8 протоколу

4.06.2025.

Ош шаары

Төрага-доцент Муратбаев Б.Б.

Катчы- окут. Азимова С.З.

Катышкандар: 25 (тизме тиркелет)

Себептүүлөр-12

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. Музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө, элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедраларына тиешелүү окуу планындагы А,Б,С блогундагы окутулуучу предметтердин иш-кагаздарынын абалы. **Жооптуулар:** төрага окут. Т.Мейманов. **Мүчөлөрү:** окут. Акбарали уулу Д., окут. Эгемкулов А.
2. Институттун, кафедралардын 2024-2025-окуу жыл ичиндеги жүргүзүлгөн тарбиялык иштеринин жыйынтыгы. **Жооптуу:** окут. Турдумамат уулу М.
3. Педагогикалык практикалардын уюштурулуусу жана жүрүшү жөнүндө. **Жооптуу**: окут. Ислаев М.
4. 2024-2025-окуу жыл ичинде аткарылган илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттери. **Жооптуулар:** доц. Нурбаева А., окут. Сагынбаев Э.
5. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**

**1-маселе боюнча** музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө, элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедраларына тиешелүү окуу планындагы А,Б,С блогундагы окутулуучу предметтердин иш-кагаздарынын абалы боюнча жооптуу төрага окут. Т.Мейманов баяндама жасады.

Кафедралардын тиешелүү окуу планындагы   А, В, С блокторундагы окутулуучу предметтердин иш-кагаздарынын абалы комиссия мүчөлөрү тарабынан текшерилди.

Күндүзгү жана сырттан окуу боюнча семестрдик окуу пландары (СОП) MyEDU тиркемесине жайгаштырылган. ОИД тарабынан текшерилип, тиешелүү органдар тарабынан бекитилип, бардык нормативдик документтер менен ырасталган.

**Жарыш сөзгө чыкты:** доцент Анаркулов Р.: Окуу планында канча кредит окутулуп жатат?

Мейманов Т. Жалпы 24 кредит. Арасында 2 кредиттик сааттар да бар.

**2-Маселе боюнча** жооптуу институттун, кафедралардын 2024-2025-окуу жыл ичиндеги жүргүзүлгөн тарбиялык иштеринин жыйынтыгы боюнча жооптуу окут. М. Турдумамат уулу баяндама жасады.

Институтта, кафедраларда жасалган тарбиялык иштер боюнча отчетун берди. Академиялык кеңешчилердин тарбиялык иштеринин эсеп-кысабы да берилди. Толук маалымат бюллетенде тиркелди.

**3-маселе боюнча** педагогикалык практикалардын уюштурулуусу жана жүрүшү жөнүндө ж**ооптуу**: окут. М.Ислаев баяндама жасады.

Бакалавриат программалары боюнча окутулуп жаткан дисциплиналар менен катар эле "Педагогикалык практикалардын уюштурулуусу жана жүрүшү жөнүндө" төмөндөгүдөй иш алып барылды.

Педагогика, искусство жана журналистика институтунун окуу планында адаптациялык-педагогикалык (3кр), кесиптик-базалык (9кр), кесиптик-профилдик (16кр) практикалар бар.

Күндүзгү окуу бөлүмүндө адаптациялык-педагогикалык практика (3кр) 4-семестрде (2-курс), кесиптик-базалык практика (9кр) 6-семестрде (3-курс), кесиптик-профилдик практика (16кр) 7-8-семестрде (4-курс), ал эми сырттан окуу бөлүмүндө адаптациялык-педагогикалык практика (3кр) 5-семестрде (3-курс), кесиптик-базалык практика (9кр) 7-8-семестрде (4-курс), кесиптик-профилдик практика (16кр) 9-семестрде (5-курс) окуу планында бекитилген.

2024-2025-окуу жылына карата педагогика, искусство жана журналистика институтутунда практика боюнча аткарыла турган иштерине иш план, практиканын түрлөрү боюнча силлабус жана жумушчу программа түзүлгөн, университеттин практика башчысы жана факультеттин деканы тарабынан бекитилген. Практика учурунда айрым студенттерибиз мектеп жетекчилиги тарабынан алкоолорго татып, жыйынтыгында ыраазычылык кат алып келишти.Толук маалымат бюллетенде тиркелди.

**Жарыш сөзгө чыкты:** Проф. Закиров А.: Студенттерди мектептерге бөлүүдө көп мектепке эмес студенттерди топтоштуруп, азыраак мектептерге бөлсөңөр.

Ислаев М. Стдуденттерди мектептерге бөлүштүрүү жагы азыркы MyEDU тиркемесине байланыштуу болот экен. Биз ошого карап бөлдүк. Студенттер өзү тандаган Ош шаарындагы мектептерге бөлүнөт.

**Жарыш сөзгө чыкты:** доцент Анаркулов Р.: Практикага саат бөлгөндө кафедра башчыларына да бөлүнсө. Аларда мектептерге барып практикант студенттерден кабар алып, адис катары методикалык жардам көрсөтүшсө.

**4-маселе боюнча** 2024-2025-окуу жыл ичинде аткарылган илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттери боюнча ж**ооптуулар** доц. Нурбаева А., окут. Э.Сагынбаевдер маалымат беришти.

Кафедралардын жарыкка чыккан илимий макалалары, окуу-усулдук колдонмолору, сапаттык көрсөткүчтөрү,магистирлердин илимий иштери, корголгон кандидаттык диссертациялар ж.б. боюнча кенен маалымат берип өтүштү.

**Жарыш сөзгө чыкты:** Проф.Жолдошова А.: Ар бир кафедрадан илимий проблемаларды жандандыруу зарыл. Мына ошондо гана институтубуздун илимий потенциалы жогорулайт.

Чечим, сунуштар окулду каршы калыс жок. Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан кабыл алышып төмөндөгүдөй чечим кылат:

**Чечим:**

**1.1.** Музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө, элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедраларына тиешелүү окуу планындагы А, В, С блокторундагы окутулуучу предметтердин иш-кагаздарынын абалы боюнча комиссиянын билдирүүсү эске алынсын;

**1.2.** Чечимди көзөмөлдөө жагы кафедра башчысына жана институттун директоруна милдеттендирилсин;

**2.1.**Директордун тарбия иштери боюнча орун басары М.Турдумамат уулунун билдирүүсү эске алынсын;

**2.2.**Академиялык кеңешчилердин тарбиялык сааттар боюнча ар бир кафедрага план түзүлсүн;

**2.3.**Чечимдин аткарылуу жагын көзөмөлдөө институттун директоруна милдеттендирилсин;

**3.1.** Педагогикалык практикалардын уюштурулуусу жана жүрүшү жөнүндөгү М.Ислаевдин билдирүүсү эске алынсын;

**3.2.** Практиканын аткарылышы ар бир окутуучуга жүктөлсүн, бул жумуштардын аткарылышы кафедра башчыларына милдеттендирилсин;

**3.3.** Институттагы педагогикалык практикалардын абалы жана аткарылышы институттун практика башчысы М.Ислаевге жүктөлсүн, бул жумуштардын аткарылышын көзөмөлдөө институттун директору Б.Муратбаевге милдеттендирилсин.

**4.1.** Илимий иштер боюнча директордун орун басары Э.Сагынбаевдин билдирүүсү эске алынсын;

**4.2.** Кафедралардагы илимий ийримдердин иш процесстерин күчөтүү, иш-пландарын бекитүү маселеси каралып чыгылсын;

5. **Ар түрдүү маселелер.**

**5.1.** Философия жана политология кафедрасынын доценти Г.Токоеванын "Илимдин тарыхы жана философиясы боюнча тесттик суроолор" деген аталыштагы окуу-методикалык колдонмосун басмага сунуштоо.

**5.2.** Педагогика, искусство жана журналистика институтунун кафедра башчыларынын 2024-2025-окуу жылында функционалдык милдеттерине кирген ишмердиктеринин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн (KPI) аткаруу жыйынтыктарынын эсеп-кысабын тапшыруу жана аткарылышынын пайыздык (% баалоо) көрсөткүчүн чыгаруу жөнүндө.

**5.3.** Профессор Б.Үкүева жана окутуучу А.Израилованын "Компьютердик технологиялардын негизинде англис тилин окутуу" деген аталыштагы окуу методикалык колдонмосун басмага сунуштоо.

Окумуштуулар кеңеши ар түрдүү маселелерди угуп, талкуулашып бир добуштан колдошту. Каршы, калыс жок. Төмөндөгүдөй чечим чыгарат:

**Чечим:**

5.1 Философия жана политология кафедрасынын доценти Г.Токоеванын "Илимдин тарыхы жана философиясы боюнча тесттик суроолор" деген аталыштагы окуу-методикалык колдонмосун басмага сунушталсын;

5.2. Педагогика, искусство жана журналистика институтунун кафедра башчыларынын 2024-2025-окуу жылында функционалдык милдеттерине кирген ишмердиктеринин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн (KPI) аткаруу жыйынтыктарынын эсеп-кысабын тапшыруу жана аткарылышынын пайыздык (% баалоо) көрсөткүчү, кафедра башчыларынын (% баалоо) көрсөткүчүн жогору денгээлде деп бааланып 90% аткарылды деп эсептелсин жана кафедра башчысы кызмат ордуна талапкерлиги бар кафедра башчыларды ОшМУнун конкурстук комиссиясынын кароосуна сунушталсын;

**5.3.** Профессор Б.Үкүева жана окутуучу А.Израилованын "Компьютердик технологиялардын негизинде англис тилин окутуу" деген аталыштагы окуу методикалык колдонмосу басмага сунушталсын.

ОКнин төрагасы, доцент: Муратбаев Б.Б.

ОКнин катчысы: Азимова С.З.

Scanned with CamScanner